# Валюта рыногу

*(2012-жылдын июнь айы)*

**1-график. Накталай эмес АКШ долларыны коммерциялык банктарына таза агылып кирүүсү (агылып чыгуусу) (млн. АКШ доллары)**




**2-график. Банктар аралык валюта тооруктарынын жана АКШ доллар курсунун динамикасы**




Июнь айында өтүп жаткан жылдын февраль айынан тартып байкалган, АКШ долларынын алмашуу курсунун акырындап өсүш тенденциясынын сакталышы белгиленген. Экинчи чейректин аягында, алмашуу курсунун июнь айындагы өсүш көрсөткүчү өткөн эки айга салыштырганда анын көбөйүшүнө бир кыйла салым кошкон – кароого алынып жаткан ай ичинде америкалык валютанын наркы 0,7 пайызга, бир АКШ доллары үчүн 47,2445 сомго чейин көбөйгөн (2011-жылдын июнь айында курс 0,4 пайызга төмөндөгөн). Ошол эле мезгилде күйүүчү майлоочу майларды жана керектөө товарларын берүү боюнча кардарлардын импорттук контракттарын тейлөө боюнча банк операцияларынын көлөмдөрүнүн сакталышы, ошондой эле микрокредиттик компаниялар тарабынан чет өлкө кредиттерин төлөө АКШ долларына болгон суроо-талапты колдоонун негизги себеби болуп калган.

Июнь айында чет өлкө валютасын сатуу жана сатып алуу боюнча жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 1,6 пайызга, 21,8 млрд. сомго чейин төмөндөгөн. Сандык мааниде мындай төмөндөөнүн көлөмү 5,5 пайызга, 14,9 млрд. сомго чейин көбөйгөн, коммерциялык банктардын накталай операцияларын кошпогондо, операциялардын бардык түрлөрүнө таасирин тийгизген. Коммерциялык банктардын нак эмес операцияларынын көлөмү 3,6 млрд.сомду

түзүү менен 23,2 пайызга азайган. Ал эми алмашуу курсунун накталай операциялары - 1,3 пайызга, 3,2 млрд. сомго чейин азайган.

Өткөн айдан айырмаланып, банктар аралык валюта тооруктарынын чогуу алгандагы жүгүртүүсү июнь айында коммерциялык банктар арасындагы бүтүмдөрдүн көлөмүнүн 24,4 пайызга, 63,4 млн. АКШ долларына чейин төмөндөөсүнүн эсебинен 71,4 млн. АКШ долларына чейин (-14,9 пайызга) төмөндөгөн. Улуттук банк, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн алдын алуу максатында, рыноктун июнь айынын биринчи декадасында пайда болгон валютадага карата муктаждыгын 8 млн. АКШ доллар өлчөмүндө компенсациялаган. Буга чейин өтүп жаткан жылдын март айынан тартып, Улуттук банк рынокто интервенцияларды жүргүзгөн эмес. Улуттук банктын интервенциялоо валютасы болуп АКШ доллары саналат, алмашуу операциялары башка валютада жүргүзүлгөн эмес.

Улуттук банк, кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктар менен СВОП-операцияларын жүргүзгөн эмес.

Июнь айында валюталарды түрлөрү боюнча бөлүштүрүүдө, 24,8 пайызга, эквивалентинде 2,4 млрд. сомго чейин көбөйгөн казак теңгесин кошпогондо, валюталардын бардык негизги түрлөрү боюнча операциялардын көлөмүнүн төмөндөөсү байкалган. Мында валюталардын үлүштүк катышы жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмүндө төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн: АКШ долларында жүргүзүлгөн операциялардын салыштырма салмагы 2,5 пайыздык пунктка, 58,9 пайызга чейин, евро – 0,1 п.п., 3,3 пайызга чейин төмөндөгөн. Россия рублинде жүргүзүлгөн операциялардын үлүшү, көлөмдүн сандык көрсөткүчүнүн төмөндөөсүнө карабастан, 26,9 пайызга (+0,3 п.п.) чейин көбөйгөн; казак теңгесинин салыштырма салмагы 8,5 пайыздан 10,8 пайызга чейин өскөн.

**3-график. Коммерциялык банктарда нак жана нак эмес АКШ долларынын курсунун динамикасы**



**4-график. Алмашуу бюролорунда АКШ долларынын курсунун динамикасы**




**5-график. Алмаштыруу бюролорундагы валюта курстарынын жана АКШ долларынын дүйнөлүк рынокторундагы өсүш арымдарынын динамикасы**




**1-таблица. Операциялардын түрлөрү боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сомдук эквивалентте)**

*млн. сом*

| Мезгил аралыгы | Жалпы операциялардын көлөмү | Комм. банктардын накталай эмес операциялары | | Комм. банктардын накталай операциялары | | Алмаштыруу бюролордун накталай операциялары | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) | Операциялардын көлөмү | Үлүш (%) |
| 2011-ж. Кулжа | 21 135,9 | 4 188,3 | 19,8 | 13 827,2 | 65,4 | 3 120,4 | 14,8 |
| Теке | 21 594,3 | 3 909,9 | 18,1 | 14 534,5 | 67,3 | 3 149,9 | 14,6 |
| Баш оона | 24 579,1 | 5 104,5 | 20,8 | 16 240,3 | 66,1 | 3 234,3 | 13,2 |
| Аяк оона | 22 689,5 | 4 021,6 | 17,7 | 15 460,6 | 68,1 | 3 207,3 | 14,1 |
| Тогуздун айы | 22 334,5 | 3 760,0 | 16,8 | 15 490,1 | 69,4 | 3 084,4 | 13,8 |
| Жетинин айы | 23 528,6 | 5 756,1 | 24,5 | 14 658,9 | 62,3 | 3 113,6 | 13,2 |
| Бештин айы | 22 208,8 | 4 389,9 | 19,8 | 14 350,8 | 64,6 | 3 468,0 | 15,6 |
| 2012-ж. Үчтүн айы | 16 603,8 | 3 735,1 | 22,5 | 10 272,7 | 61,9 | 2 596,0 | 15,6 |
| Бирдин айы | 17 006,6 | 2 779,5 | 16,3 | 11 123,2 | 65,4 | 3 103,9 | 18,3 |
| Жалган куран | 19 121,0 | 3 583,7 | 18,7 | 12 287,9 | 64,3 | 3 249,3 | 17,0 |
| Чын куран | 20 350,6 | 3 357,6 | 16,5 | 13 811,8 | 67,9 | 3 181,1 | 15,6 |
| Бугу | 22 178,7 | 4 749,7 | 21,4 | 14 164,9 | 63,9 | 3 264,1 | 14,7 |
| Кулжа | 21 816,2 | 3 649,6 | 16,7 | 14 943,6 | 68,5 | 3 223,1 | 14,8 |

**2-таблица. Валюталар боюнча чет өлкө валютасын сатып алуу жана сатуу көлөмү (сомдук эквивалентте)**

*млн. сом*

| Мезгил аралыгы | Жалпы операциялардын көлөмү | АКШ доллары | | Евро | | Орус рубли | | Казак теңгеси | | Жана башкалар | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | көлөм | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш | көлөм | үлүш |
| 2011-ж. Кулжа | 21 135,9 | 12 771,0 | 60,4 | 785,6 | 3,7 | 5 518,8 | 26,1 | 2 053,0 | 9,7 | 7,5 | 0,0 |
| Теке | 21 594,3 | 12 685,6 | 58,7 | 947,3 | 4,4 | 5 951,8 | 27,6 | 2 002,3 | 9,3 | 7,2 | 0,0 |
| Баш оона | 24 579,1 | 15 123,5 | 61,5 | 848,8 | 3,5 | 6 357,2 | 25,9 | 2 238,0 | 9,1 | 11,6 | 0,0 |
| Аяк оона | 22 689,5 | 14 154,9 | 62,4 | 1 113,4 | 4,9 | 5 493,7 | 24,2 | 1 901,3 | 8,4 | 26,2 | 0,1 |
| Тогуздун айы | 22 334,5 | 14 158,1 | 63,4 | 937,2 | 4,2 | 5 086,1 | 22,8 | 2 143,3 | 9,6 | 9,8 | 0,0 |
| Жетинин айы | 23 528,6 | 15 176,6 | 64,5 | 1 098,5 | 4,7 | 5 013,5 | 21,3 | 2 232,5 | 9,5 | 7,5 | 0,0 |
| Бештин айы | 22 208,8 | 13 816,9 | 62,2 | 1 034,4 | 4,7 | 5 047,1 | 22,7 | 2 294,8 | 10,3 | 15,6 | 0,1 |
| 2012-ж. Үчтүн айы | 16 603,8 | 10 613,6 | 63,9 | 804,8 | 4,8 | 3 840,3 | 23,1 | 1 340,1 | 8,1 | 5,1 | 0,0 |
| Бирдин айы | 17 006,6 | 9 995,9 | 58,8 | 799,3 | 4,7 | 4 612,5 | 27,1 | 1 593,0 | 9,4 | 5,9 | 0,0 |
| Жалган куран | 19 121,0 | 11 570,1 | 60,5 | 738,8 | 3,9 | 5 208,2 | 27,2 | 1 597,7 | 8,4 | 6,1 | 0,0 |
| Чын куран | 20 350,6 | 11 828,5 | 58,1 | 851,6 | 4,2 | 6 054,5 | 29,8 | 1 609,5 | 7,9 | 6,5 | 0,0 |
| Бугу | 22 178,7 | 13 619,2 | 61,4 | 763,8 | 3,4 | 5 899,4 | 26,6 | 1 887,6 | 8,5 | 8,7 | 0,0 |
| Кулжа | 21 816,2 | 12 853,2 | 58,9 | 725,5 | 3,3 | 5 871,4 | 26,9 | 2 354,9 | 10,8 | 11,2 | 0,1 |

**3-таблица. Четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | Айдын акырына карата эсептик курс | | | | Бир ай ичинде эсептик курстун четтөөсү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| 2011-ж. Кулжа | 45,2067 | 64,7089 | 1,6062 | 0,3096 | -0,4% | -0,3% | -1,2% | -1,6% |
| Теке | 44,5952 | 63,6864 | 1,6111 | 0,3052 | -1,4% | -1,6% | 0,3% | -1,4% |
| Баш оона | 44,8925 | 64,8392 | 1,5551 | 0,3066 | 0,7% | 1,8% | -3,5% | 0,5% |
| Аяк оона | 45,0008 | 61,1059 | 1,4053 | 0,3055 | 0,2% | -5,8% | -9,6% | -0,4% |
| Тогуздун айы | 45,5976 | 64,6528 | 1,5251 | 0,3084 | 1,3% | 8,5% | 0,9% | 5,8% |
| Жетинин айы | 46,8308 | 61,9873 | 1,4792 | 0,3173 | 2,7% | -4,1% | -3,0% | 2,9% |
| Бештин айы | 46,4847 | 60,0652 | 1,4438 | 0,3132 | -0,7% | -3,1% | -2,4% | -1,3% |
| 2012-ж. Үчтүн айы | 46,7757 | 61,4773 | 1,5405 | 0,3148 | 0,6% | 2,4% | 6,7% | 0,5% |
| Бирдин айы | 46,4900 | 62,4547 | 1,6059 | 0,3149 | -0,6% | 1,6% | 4,2% | 0,0% |
| Жалган куран | 46,8275 | 62,4819 | 1,5967 | 0,3169 | 0,7% | 0,0% | -0,6% | 0,6% |
| Чын куран | 46,8494 | 62,0428 | 1,5960 | 0,3169 | 0,0% | -0,7% | 0,0% | 0,0% |
| Бугу | 46,9352 | 58,4085 | 1,4463 | 0,3173 | 0,2% | -5,9% | -9,4% | 0,1% |
| Кулжа | 47,2445 | 59,4241 | 1,4396 | 0,3162 | 0,7% | 1,7% | -0,5% | -0,4% |

**4-таблица. Алмашуу бюролорунда четөлкө валюталарынын сомго карата курсу боюнча маалыматтар**

| Мезгил аралыгы | Бир ай ичиндеги орточо маржа | | | | Валюталарды сатуу курсунун орточо чиеленишкен четтөөсү | | | | Бир ай ичинде валюталарды сатуу курсунун четтөөсү | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси | АКШ доллары | Евро | Орус рубли | Казак теңгеси |
| 2011-ж. Кулжа | 0,3% | 0,5% | 0,6% | 0,8% | 0,1% | 0,3% | 0,2% | 0,1% | 0,3% | 0,5% | 0,5% | -0,5% |
| Теке | 0,3% | 0,6% | 0,7% | 0,7% | 0,1% | 0,2% | 0,1% | 0,1% | -2,1% | -2,0% | -2,2% | -2,1% |
| Баш оона | 0,4% | 0,6% | 0,9% | 1,2% | 0,2% | 0,2% | 0,3% | 0,3% | 1,5% | 1,5% | -2,8% | 0,7% |
| Аяк оона | 0,3% | 0,6% | 0,9% | 0,9% | 0,1% | 0,3% | 0,3% | 0,1% | 0,2% | -6,0% | -8,6% | -0,4% |
| Тогуздун айы | 0,3% | 0,5% | 0,8% | 0,8% | 0,1% | 0,2% | 0,6% | 0,2% | 1,1% | 4,9% | 5,9% | 1,2% |
| Жетинин айы | 0,3% | 0,5% | 0,9% | 0,7% | 0,1% | 0,3% | 0,2% | 0,1% | 2,9% | -2,3% | -0,2% | 3,0% |
| Бештин айы | 0,3% | 0,5% | 1,0% | 0,9% | 0,1% | 0,2% | 0,2% | 0,2% | -0,1% | -3,6% | -3,0% | -1,0% |
| 2012-ж. Үчтүн айы | 0,3% | 0,5% | 0,9% | 0,7% | 0,0% | 0,3% | 0,3% | 0,1% | -0,3% | 1,8% | 6,6% | 0,3% |
| Бирдин айы | 0,3% | 0,5% | 1,0% | 0,7% | 0,1% | 0,1% | 0,3% | 0,1% | -0,3% | 1,7% | 3,7% | 0,2% |
| Жалган куран | 0,3% | 0,6% | 0,8% | 0,7% | 0,1% | 0,3% | 0,3% | 0,1% | 0,0% | 0,4% | 0,6% | -0,1% |
| Чын куран | 0,2% | 0,5% | 0,6% | 0,7% | 0,0% | 0,1% | 0,2% | 0,1% | 0,4% | -0,6% | -1,1% | 0,1% |
| Бугу | 0,3% | 0,5% | 0,8% | 0,7% | 0,1% | 0,2% | 0,4% | 0,1% | 0,4% | -5,2% | -9,3% | 0,4% |
| Кулжа | 0,3% | 0,6% | 0,8% | 0,7% | 0,0% | 0,2% | 0,4% | 0,1% | 0,6% | 1,1% | -1,0% | -0,2% |